**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кенеш Д.07.16.528**

Кол жазма укугунда:
*УДК 947.1: 94.560 (575.2) (043.3)*

**ЧЫНАЛИЕВА МУБАРАК ИМАНБАЕВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САУД АРАБИЯ ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ТҮРКИЯ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ: *тарыхый-салыштырмалуу анализ*

Адистиги: **07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2018**

Диссертациялык иш Ош Мамлекеттик Университетинин “Кыргызстандын тарыхы жана археология, этнология” кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору
**Ормушев Асан Сулайманович**

**Расмий оппоненттер:** **тарых илимдеринин доктору**
Кылычов Акылбек Мукаевич

Тарых илимдеринин кандидаты,
**Момошева Назир Керимбековна**

***Жетектөөчү мекеме:*** К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети, Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы

*Дареги: 720044, Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси, 27*

Диссертация 2018-жылдын «____» _________________саат __________
720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Тарых жана Маданий Мурас Институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 Диссертациялык кенештин жыйынында корголот.
Дареги: 720026, Бишкек ш., И.Раззаков көчөсү , 51а

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а. **Авторефераттын жана диссертациялык иштин толук тексти “arabaev.kg» сайтында жүктөлгөн.**

Автореферат 2018-жылдын «____»__ ____________таркатылды.

**Диссертациялык кенештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д.,**
**профессор** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы эл аралык мамилелерди түзүүдө мамлекеттердин өз ара саясий байланыштары жаңы мүнөзгө жана багытка ээ болууда. Ааламдашуу шартында коомдук турмуштун тез өсүшү менен катар, техникалык жана маалыматтык мүмкүнчүлүктөр кеңейди, андан сырткары дүйнөлүк масштабдагы жалпы коркунучтардын жана чакырыктардын таасири күчөдү. Ушундай жагдайда эл аралык мамилелердин түзүлүшүнүн алкагында мамлекеттер менен элдердин өз ара кызматташуусунун ар тараптуу өнүгүүсүнүн натыйжасында көптөгөн өлкөлөрдүн ортосундагы биргелешип иш жүргүзүү ыкмасы кеңири жайылууда.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка жеткенден кийин дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттери менен өз ара байланыштарды өнүктүрүү анын тышкы саясатынын негизги багыттарынын бири болуп калды. Мамлекеттин бүтүндүгүн сактоо, анын экономикалык жактан өсүп өнүгүшүн камсыз кылуу тышкы саясаттын өзөгүн түзгөн. Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулукка кошулуу мезгили баарынан мурда, өлкөнүн тандап алган тышкы жана ички саясатынан көз каранды болгон.

Кыргыз Республикасы өзүнүн тышкы саясатында Жакынкы жана Орто чыгыш өлкөлөрү, анын ичинде Түркия Республикасы жана Сауд Арабия мамлекети менен мамилелерди өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири. Бирок, акыркы мезгилге чейин Кыргызстандын бул мамлекеттер менен болгон эл аралык мамилелери тарыхый салыштырып изилдөө ыкмасы менен атайын илимий изилдөөгө алына элек. Андыктан, Кыргызстан менен жогорудагы мамлекеттердин ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий кызыкчылыктарын, эки тараптуу байланыштарынын айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн тарыхий булактарга, статистикалык маалыматтарга салыштырып изилдөө аркылуу тышкы саясаттагы ишке ашырылып жаткан ийгиликтерди жана кетирилип жаткан кемчиликтерди ачууга мүмкунчүлүк түзүлдү. Тарыхый-салыштырмалуу илимий изилдөөнүн жыйынтыктары жана сунуштары эл аларык мамилелерди туура жүргүзүүдө мамлекеттик жана улуттук кызыкчылыктарды сактоого жардам берээрине шек жок. Ошондуктан, аталган диссертациялык теманы илимий изилдөө жүргүзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелет.

Түркия жана Сауд Арабия менен кызматташуу экономика жана соода тармактарында ар кандай инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга, биргелешкен ишканаларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Андан сырткары аталган өлкөлөрдүн экономиканы өнүктүрүүдөгү бай тажрыйбаларын колдонуу зарылдыгы да теманын актуалдуулугун шарттап турат. Мындан сырткары түрк, араб фирмалары европалык жана азиялык өлкөлөрдө иштөө тажрыйбаларына ээ. Кыргызстан үчүн Түркия жана Сауд Арабия менен кызматташуу биргелешкен ишмердүүлүктүн кеңири тармагын өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзөт: текстиль өнөр жайы, кайра иштеп чыгуучу өнөр жай, курулуш комплекси, гидроэлектрстанцияларды куруу, күн энергиясын пайдалануу, минералдык ресурстарды өздөштүрүү, саякат бизнесин өнүктүрүү жана заманбап соода системасын калыптандыруудагы алдыңкы иш тажрыйбаларын изилдеп анын негизинде, өндүрүштү өркүндөтүүгө пайдалуу сунуштар берилди. Бул өңүттөн алып караганда аталган маселе актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациянын булактык базасы.** Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, экономикалык жана маданий өз ара байланыштардын кызыкчылыктарын, айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүнүн, негизги багыттарын аныктоодо, андан сырткары эки тараптуу өнүгүүнүн келечектеги жыйынтыктарына баа берүүдө жана эмпирикалык анализ жүргүзүү үчүн көптөгөн тарыхый булактар жана документтер колдонулду.

Диссертациялык эмгекти жазууда Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Кыргыз Республикасынын тышкы саясий жана улуттук коопсуздук Концепциялары, мамлекеттердин жетекчилеринин расмий билдирүүлөрү, эл

аралык келишимдер жана макулдашуулар, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзамдары, Президенттин жарлыктары, өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин эл аралык кызматташуу маселелерине тиешелүү токтомдору колдонулду.

Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия менен кызматташтыгы боюнча тышкы саясий жана расмий документтер, өзүнчө келишимдер, биргелешкен билдирүүлөр жана коммюникелер изилдөөгө алынды. Ал документтер атайын иш сапарлар учурунда кабыл алынган. Жергиликтүү маалыматтарды Түркия жана Сауд Арабиялык документтер менен салыштыруу жана ага сын көз караш менен кароо мамлекеттердин ортосундагы байланыштардын жүрүшү жана өнүгүшү боюнча толук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын илимий темасына карата жана алдыга коюлган маселелердин актуалдуулугуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарындагы кызыкчылыктарды, айырмачылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү тарыхый булактар аркылуу салыштыруу жолу менен илимий баа берүү диссертациянын максаты болуп саналат.

**Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү негизги милдеттер коюлду:**

- Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон дипломатиялык алакаларын изилдеген чет өлкөлүк жана кыргызстандык илимпоздордун илимий эмгектерине тарыхнаамалык анализ жүргүзүү;
- Илимий изилдөөгө тиешелүү авхивдик материалдарды тарыхый булак иретинде иликтөө жүргүзүү аркылуу диссертациянын теориялык-методологиялык базасын тактоо.
- Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Кыргыз Республикасына болгон кызыкчылыктарын аныктоодо мамлекеттик жана мамлекеттик эмес коомдук уюмдардын ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу изилдөө;
- Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык кызматташтыгынын негизги факторлорун, мүнөзүн, айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн ачып көргөзүү;
- экономика багытындагы өз ара байланыштарга таасир тийгизген негизги тенденцияларды жана проблемаларды аныктоо;
- саясий, маданий-гуманитардык чөйрөлөрдөгү мамилелердин эволюциясын иликтөөдө Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Кыргызстандагы мусулмандардын арасында ислам динин өнүктүрүүнүн ыкмалары жана ислам дининин коомго тийгизген таасирин тастыктоо;
- Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен түзүлгөн эл аралык мамилелердин кызыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн жана айырмачылыктарын аныктоо аркылуу илимий корутунду чыгаруу жана тиешелүү министрликтерге практикалык иш-чараларды сунуштоо.

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги** диссертациялык эмгектин максатына жана милдетине жараша аныкталган. Аталган изилдөө негизинен Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкка жеткен 1991-жылдан баштап ушул күнгө чейинки, башкача айтканда XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баш ченин өз ичине камтыйт.

**Изилдөөнүн объектиси**. Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттардагы кызматташтыгы.

**Изилдөөнүн предмети**. Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен эл аралык мамилелерди түзүүдөгү кызыкчылыктарын, айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн тарыхый-салыштырмалуулук ыкма менен иликтөө саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тарыхыйлык, диалектикалык биримдик жана системалык-структуралык принциптер түздү. Илимий иштин объектисине ылайык

тарыхый-салыштырмалуулук, статистикалык, хронологиялык, көйгөйлүк-хронологиялык ыкмалар пайдаланылды. Социологиялык сурамжылоо ыкмасы ислам дининин өнүгүшүндөгү кээ бир маселелерди тактоого жардам берди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** автор тарабынан илимий изилдөөгө тиешеси бар архивдик маалыматтар топтолуп, изилденип, корутундуланып илимий сунуштар чыгарылды. Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору А.С.Ормушевдин жетекчилиги менен жүргүзүлгөн социологиялык иликтөөгө катышып, Кыргызстандагы мусулмандардын ажылыкка зыяратка барып келгендердин ой-пикирин изилдөөгө Ош, Жалал-Абад, Баткен облусундагы ажылар менен суроо-жоопторду уюштуруп, байкоолорду жүргүзгөн. Сауд Арабия жана Түркия мамлекеттеринен ислам дини боюнча билим алып келген улан-кыздар менен маектешүүнүн негизинде алардын ой пикирин тактаган.

**Иштин практикалык мааниси төмөндөгүчө**: Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен өз ара байланыштары боюнча жалпы мамлекеттик концепциясын түзүүдө, андан сырткары окуу жайлар үчүн окуу куралдарын даярдоодо, атайын курстарды окутууда жана Ата Мекен тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн жыйынтыктарын аталган мамлекеттер менен кызматташууларды ишке ашырып жаткан атайын министрликтерге жана ведомстволорго сунуштаса болот.

**Эмгектин илимий жаңылыгы.**

– Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен өз ара байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү мезгилдериндеги кызыкчылыктар, айырмачылыктар жана өзгөчөлүктөр тарыхый салыштырмалуулук ыкмасы менен комплекстүү түрдө алгачкылардан болуп изилденди;

– Кыргыз Республикасынын аталган мамлекеттер менен байланыштарынын негизги тенденциялары иликтөөгө алынып, ар бир мамлекеттердин кызыкчылыктарынын приоритеттери анализденди;

– Кыргызстанда ислам дининин өнүгүшүнө Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин тийгизген таасирлеринин багыттары ар тараптуу иликтөөгө алынды;

-Кыргызстандан Сауд Арабия мамлекетине ажылык зыяратына барышкан мусулмандардын ой-пикири социологиялык иликтөөгө алынып, илимий тыянактар чыгарылды.

– Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Кыргызстандын билим берүү, илим жана маданият тармагындагы кызыкчылыктары салыштырылып изилденди;

– өнөр жай тармагында эки мамлекеттин ишкерлери биргелешип иш жүргүзүүнүн бир топ эффективдүү формаларын жана багыттарын аныктаганы далилденди;

– мамлекеттер ортосунда эки тараптуу кызматташуудагы өнүкпөй жаткан багыттары, кетирилип жаткан кемчиликтери аныкталып, алардын өз ара байланыштардын андан ары өнүгүүсүнүн келечегине таасир тийгизе тургандыгы көрсөтүлдү.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор төмөнкүлөр:**

- Постсоветтик мезгилде Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери Кыргыз Республикасына активдүү тышкы саясатты жүргүзүүдөгү кызыкчылыктары илимий изилдөөнүн негизги багыты болуп эсептелет. Өз ара тыгыз байланыштарды бүт багыттарда өнүктүрүү зарылдыгы жана аны сапаттуу деңгээлге чыгаруу тараптардын кызыкчылыктарына толук жооп берет.
- Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия менен кызматташуусунун кээ бир айырмачылыктары жана өзгөчөлүктөрү архивдеги тарыхый документтер аркылуу, тарыхый салыштырмалуу ыкма менен иликтөөгө шарт түздү.
- Кыргыз Республикасы Сауд Арабия мамлекети менен эл аралык мамилелерди түзүүдө ислам дининин баалуулуктарын жайылтуу багытында мусулмандарга ажылык зыяраттарды уюштуруу, жаштарга диний билим берүү жана социалдык-гуманитардык жардамдарды көрсөтүүсү мамлекеттер аралык дипломатиялык кызматташуунун өнүгүшүнө шарт түзгөн.

- Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда жүргүзүлгөн маданий-гуманитардык байланыштар мамлекеттик жана жеке менчик мекемелердин жардамы менен уюштурулган окуу жайлар кыргызстандык жаштарга заманбап жаңы адистиктерди даярдоого көмөк көрсөтүү менен аларды ыймандуулукка тарбиялоодо маанилүү орунга ээ.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациянын негизги мазмуну жана илимий жыйынтыктары Республикалык илимий конференцияларда доклад катары сунушталып, талкууланды. Илимий изилдөөнүн натыйжасында Ата Мекендик жана чет элдик басылмаларда он алты макала жарык көргөн.

**Эмгектин структурасы**. Диссертациялык эмгек киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана библиографиядан турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**I Бөлүм. "Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен эл аралык мамилеринин тарыхнаамеси,булактык негизи жана изилдөөнүн усулдары**" деген бапта эгемендүү Кыргызстандын Түркия жана Сауд Аравия мамлекеттери менен дипломатиялык мамилелерине арналган изилдөөлөргө илимий талдоо жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин ортосундагы саясий, аскердик, диний, экономикалык, маданий, илимий жана гуманитардык алакалары жөнүндө жазылган илимий монографияларга, макалаларга, илимий баа берүүдө аларды төрт топко бөлүп карадык.

**Биринчи топко,** чет өлкөлүк илимпоздордун китептери, макалалары киргизилди. Алсак, Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы дипломатиялык мамилелерди жазууда түрк илимпоздору: Ахмет Давутоглу [1.14], Чам Сердар [1.86], Сары Яшар [1.76], Сөзжу Омур-Фарук [1.78], М.Я. Гюндемдин [1.22] илимий изилдөөлөрү Түркиянын кыргыз мамлекетине болгон кызыкчылыктарын саясий, экономикалык жана маданий багыттарында иликтенген.

Саясат таануучу Конжак Ибрагим [ 1.34] Түркия Республикасы менен Кыргыз мамлекетинин ортосундагы саясий мамилелердин калыптанышын жана анын өсүш динамикасына анализ жасаган. Ал өз иликтөөсүндө эки мамлекеттин саясий кызыкчылыктары менен зарылчылыктарын турмушка ашырууда жетишкендиктер менен кемчиликтерди ачууга аракеттенген.

Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы социалдык-экономикалык кызматташууну изилдеген окумуштуу Башкурт Мустафа [2.103.] илимий иликтөөсүндө эки тараптуу биргелешкен ишканаларды түзүү менен бир нече ишкер адамдардын капиталын бириктирип интеграцияланган кооперацияны түзүүнү сунуштаган.

Тарыхчы Кадри Аггүн [2.106.] Түркия Республикасы менен кыргыз мамлекетинин билим, илим жана маданият тармагындагы кызматташтыгын атайын илимий өңүттө изилдөөгө алган.

Диссертацияны жазууда Сауд Арабиянын тышкы иштер боюнча саясаты тууралуу тиешелүү сайтта орус тилинде жарыяланган маалыматтарды: Аль-Али Х.И. (Принципы и цели саудовской внешней политики: регион Залива, исламский мир, международное сообщество) [1.9.], Фейсал бин Мишзаль бин Сауд бин Абдель Азиз Ааль Сауд (Окрытые собрание и исламское понимание власти в политике Королевства Саудовской Арабия) [1.84.]; Мадани Н.У. (Основопологающие принципы политики Королевства Саудовская Арабия [1.47.] жана Ас-Суэйг А.Х. эмгектери [1.11], пайдаланылды.

Россиялык илимпоздордун арасынан акыркы жылдары Түркия мамлекетинин Борбордук Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттерге болгон кызыкчылыктары жөнүндө, анын ичинен Кыргыз Республикасы менен жүргүзгөн дипломатиялык байланыштары жөнүндө Аватков В.А. [1.3.], Александров И.А. [1.8.], Бадранов А.Ш. [1.15.], Бажанов Е, Асфари Д.О. [1.16.], Кудрящова Ю. [1.37.], Кузьмина Е.М. [1.38.], Надеин-Раевский В.А. [1.57.], Излученко Г.В. [1.31.], Петров А.В. [1.73.], Сайфулин Р. [1.74.] өз эмгектеринде учкай эскерип кетишет.

Алардын ичинен Москвалык илимпоз Е.И.Уразованын [1.82.,1.83.] илимий макаласында Түркия менен Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдердин экономикалык алакалары жөнүндө кызыктуу маалыматтар берилген. Кийинки орус окумуштуусу В.В.Кунаковдун "Турция и ЕС: проблемы экономической интеграции" [1.40.] эмгегинде Түркиянын экономикалык өсүшү, соода байланыштары айтылган.

Кыргыз Республикасы менен Сауд Арабия мамлекетинин ортосундагы эл аралык мамилелер жана Сауд Арабиянын Борбордук Азия мамлекеттерине болгон кызыкчылыктары жөнүндө акыркы жылдары Россиялык илимпоздор Васильев А.И. [1.19.], Закария М.Г. [1.26.], Александров И.А. [1.8.], Мюллер Б. [1.56.], Ермаков И, Микульский Д., Косач Г.Г., Маликов Б., Мелкумян Е.С., Филоник А.О., Ибрагимов С.Д. [1.28.] өз эмгектеринде чагылдырышкан.

**Экинчи топко,** Кыргызстандык тарыхчылардын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык кызматташтыгына илимий изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын китептери, макалалары жана диссертациялык эмгектери киргизилди.

Кыргыз Республикасынын эл аралык байланыштарынын билим берүү багытында ишмердүүлүгүнүн кээ бир учурлары тарых илимдеринин доктору Т.Абдырахмановдун [1.1.], эмгектеринде чагылдырылган. Тарых илимдеринин доктору Э.Маанаевдин монографиясында, дин идеологиясынын учурдагы абалына кеңири токтолуу менен Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринде билим алган жаштардын сандык жана сапаттык жагын изилдөөгө алган.

Окумуштуу тарыхчылар Кыргызстандын эл аралык мамилелеринин тарыхын 1995-жылдан баштаган. 1998-жылы тарых илимдеринин доктору С.Токтогоновдун "Тышкы саясат" [1.81.] деген китеби жарык көргөн. Бул чакан эмгекте Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилелерди түзүүдөгү алгачкы ийгиликтери, Президенттин расмий сапарлары чагылдырылган. Автор тарабынан илимий сунуштар айтылбастан, тарыхый фактыларды келтирүү менен гана чектелген. А.Жоробекова [1.24.] менен Н.К.Момошеванын [1.25., 2.100.], илимий изилдөөсүндө Кыргыз Республикасы 1991-2001-жылдары Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон саясий жана экономикалык байланыштардын жылдары, айлары жана күндөрү так берилген. Кыргызстандын тышкы саясатынын хроника түрүндө берилиши биздин илимий иликтөө жүргүзүүгө кээ бир тарыхый окуяларды тактоодо зор жардамы тийди.

К.А.Токтомушевдин [1.81.] китебинде Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык байланыштын башталган мезгилдерин президенттердин алгачкы расмий жолугушуулары, эки тараптуу келишимдердин кабыл алынышын баяндаган маалыматтар чагылдырылган. Бирок тилекке каршы К.А.Токтомушевдин китебинде Кыргызстандагы бул мамлекеттер менен кызматташуудагы кызыкчылыктар, өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктар тууралуу илимий анализ жүргүзүлбөгөн. Тарыхый окуяларга маалымат берүү менен гана чектелген. Ошондой болсо дагы бул окумуштуунун кээ бир тарыхый окуяларды тактоого өз жардамын берди.

Тарых илимдеринин доктору Айдаркул Каана [1.5.] өзүнүн кандидаттык жана докторлук илимий изилдөөлөрүн Кыргыз ССРнин, кийин эгемендүү Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилелеринин тарыхын изилдөөгө арнаган. Өзгөчө акыркы жылы чыккан илимий монографиясында Кыргыз Республикасынын 1991-2000-жылга чейинки аралыкта өнүккөн ири мамлекеттер менен саясий жана экономикалык байланыштарынын өнүгүү мезгилдерине кеңири жана ар тараптуу иликтөө жүргүзгөн. Каана Айдаркул илимий эмгегинде Кыргыз мамлекетинин Түркия жана Сауд Арабия өлкөлөрү менен кызматташуусу тууралуу кээ бир маалыматтарды берген. Кыргызстандын Түркия менен болгон алакаларында экономика, соода-сатык, биргелешкен ишканаларды ачуу багытында чоң тажрыйбасын жергиликтүү иш адамдары керектигин көрсөтөт. Ошондой эки мамлекеттин билим жана илим тармагындагы байланыштарынын кээ бир ийгиликтеринин сырларын ачууга аракет жасаган.

Кыргызстан менен Түркиянын эки тараптуу мамилеси жөнүндө А.Оразалиеванын [1.70.] жарыкка чыккан китебинен таанышууга болот. Автор өзүнүн чыккан китепчесинде эки элдин ортосундагы достук байланыштар алардын тилинин, тарыхынын, дининин, дилинин окшоштуктарынын таасиринде эч токтолуусуз эле өнүгүүсү шарт деген туура эмес пикирди берген.

Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен түзүлгөн саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттагы байланыштары тарых илимдеринин доктору А.С.Ормушев тарабынан изилдөө жүргүзүлгөн. Анын Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтык тууралуу архивдик материалдардын негзинде “Кыргыз-Түрк кызматташтыгы” аттуу илимий монографиясы 2012-жылы жарык көргөн [1.67.]. 2016-жылы “Кыргыз-Түрк Манас” университети тарабынан бул илимий эмгек түрк тилине которулуп, басмадан чыккан. Бирок бул илимий эмгектерде 1990-2010-жылдардагы эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилелер камтылып, акыркы жети жылдагы тарыхый окуялар жөнүндөгү жаңы маалыматтар камтылган эмес.

А.С.Ормушевдин Кыргыз-түрк кызматташтыгы боюнча 20дан ашык илимий макалалары кыргыз, орус, түрк, англис тилдеринде чет өлкөлүк журналдарга жарыяланган. Ошондой эле Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы билим тармагындагы байланыштар тууралуу бир нече илимий китептери басмадан чыгарылган.

А.С.Ормушевдин “Ислам цивилизациясы” [1.62.], “Аль-Харамга зыярат” [1.64.] деген эмгектеринде Кыргыз Республикасы менен Сауд Арабия мамлекетинин ортосундагы саясий, экономикалык жана диний байланыштары жөнүндө кеңири маалыматтар берилген. Ошондой эле Кыргызстандык мусулмандардын ажылык зыяратка баруудагы эки мамлекеттин ортосундагы диний алакалардын түзүлүшү тууралуу кызыктуу тарыхый фактылар берилген.

А.Ормушевдин “Кыргыз Республикасынын туңгуч президенти Аскар Акаевдин дипломатиялык ишмердүүлүгү” [1.61.] аттуу китебинде: “Кыргыз Республикасы өз алдынча, эркин, демократия багытын көздөгөн мамлекет болуп жарыяланган күндөн баштап дүйнөдөгү эң алдыңкы өнүккөн өлкөлөр менен дипломатиялык мамилени өнүктүрүүдө жакшы ийгиликтерге жетише алгандыгын туңгуч Президент Аскар Акаевдин тышкы саясаттагы жүргүзгөн дипломатиялык ишмердигинин артыкчылыгында”- деп көрсөткөн [31-б.]. Чындыгында 1992-2002-жылдары Кыргыз Республикасы дүйнө жүзүндөгү абройлуу мамлекеттер менен дипломатиялык кызматташууну ар тараптан өнүктүрүүгө жетишкенин архивдеги тарыхый булактар тастыктайт.

Кыргызстан менен Сауд Арабия өлкөсүнүн ортосунда түзүлгөн диний байланыштар жөнүндө тарых илимдеринин доктору Н.Курбанованын [1.42.] илимий монографияларында чагылдырылган. Автор Кыргызстандагы мусулмандарга ислам дининин баалуулуктарын таратууда Түркия менен Сауд Арабия мамлекеттеринин ордун белгилеп, ал өлкөлөрдө билим алып келген жаштардын сандык жана сапаттык абалын, эки тараптуу маданий байланыштар жана боорукердик мааниде колунда жок адамдарга берилген жардамдар жөнүндө маселелерди иликтөөгө аракет жасаган.

Кийинки жылдары тарыхчы окумуштуулар тарабынан Кыргызстан меен Түркия ортосундагы эл аралык мамилелерди иликтөөгө арналган кандидаттык диссертациялар корголууда. Алсак Г.А.Вахитованын [2.104.] илимий изилдөөсүн атоого болот.

Кыргызстан менен Сауд Арабиясынын ортосундагы диний байланыштар кээ бир тарыхчы илимпоздордун кандидаттык диссертацияларында учкай болсо дагы маалыматтарды колдонгондугу байкалат.

Б.Мурзараимовдун “Диндер тарыхы” жана “Ислам агымдар тарыхы” аттуу эмгектеринде [1.54., 1.55.] Сауд Арабия мамлекетинин мусулмандары тарабынан кабыл алынган Ваххабилердин (ваххавизм) идеологиясы [164-б.] жана “Хизбут-Тахрир ал-Ислами” (араб сөзүнөн которулган мааниси: “Ислам боштондук партиясы”) саясий партиянын уюштуруучулары жана анын максаттары жөнүндө кыскача маалымат берген [160-163-бб.].

Сауд Арабия менен Кыргызстандын ортосундагы ислам дини аркылуу ажылык зыяратка барып келген илимпоздор, жазуучулар жана ишкер адамдар өздөрүнүн эскерүүлөрү китеп болуп басылып чыккан. Бул багытта тарыхчы-илимпоз А.Ормушевдин, М.Сабыровдун, Мойдун ажынын китептери Сауд Арабия мамлекети тарабынан уюштурулуп жаткан ажылыкка зыярат жасоо жолу Кыргызстандык мусулмандарды ислам динине тартуу кызыкчылыгын тактоого жардам берди.

Биздин диссертациялык иликтөөбүздө Сауд Арабия мамлекети тарабынан Кыргызстанга келген аалымдар, кеңешчилер, ишкер адамдар, ал жактагы жогорку окуу жайларды бүтүп келген диний ишмерлердин, бүтүрүүчүлөрдүн Кыргызстанга ушул багытта кандай ишмердүүлүктөрдү аткарууга далалат жасагандары боюнча баа берүүгө кандайдыр бир деңгээлде жардам бере алды.

**Үчүнчү топко,** Кыргызстандык саясат таануучулар акыркы жылдары Эл аралык мамилелер боюнча көптөгөн илимий эмгектерди жарыялоодо. Алардын илимий монографияларында, китептеринде, диссертациялык изилдөөлөрүндө Кыргыз Республикасы жана Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, дипломатиялык кызматташуусунун оң жана терс жактарын ачык сындаган пикирлер менен таанышууга болот.

Кыргыз Республикасы менен Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин ортосундагы дипломатиялык кызматташуунун башатында болушкан, эң негизги багыттарды түзүп, эки жана көп тараптуу келишимдерди даярдатып, аларга кол коюп, ал макулдашуулардын турмушка ашышына көзөмөл жасаган Кыргыз Республикасынын Президенттери А.Акаев (1991-2005-жж.) [1.6.], К.Бакиев (2005-2010-жж.) [1.17.] Р.Отунбаева (2010-2011-жж.) жана А.Атамбаевдердин (2011-2017-жж.) жазган эскерүүлөрү, эки мамлекеттин жетекчилери кездешкенде сүйлөгөн сөздөрү, журналисттерге берген интервьюлары диссертациялык ишти жазууда пайдаланылды.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Премьер министри Т.Чынгышевдин “Воспоминания: события, люди” [1.90.] деген китебинде Түркия Республикасы менен Кыргыз мамлекетинин ортосундагы алгачкы кызматташуулардын башталышы, эки тараптуу келишимдердин даярдалышындагы көйгөйлөр, бут тосуулар, 75 млн. АКШ доллары менен берилген кредиттин чечилиши, ал кредитти өлкөдөгү эң зарыл деген багыттарга жумшоодогу кыйынчылыктар, Түркиянын кредитинин тегерегиндеги көптөгөн ызы-чуулар жөнүндө кызыктуу маалыматтарды жазган [ с. 180, 188, 228.].

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи төрагасы, белгилүү саясатчы М.Шеримкуловдун китебинде [1.91.] Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттерине жасаган расмий сапарларынын жыйынтыктары, эки тараптуу келишимдердин кабыл алынышы тууралуу өзүнүн жеке ойлорун бөлүшкөн.

Саясатчылар: А.Акунов, В.Киютин, М.Оморовдор эл аралык мамилелеринин жүрүшүндө Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон мамилелери жөнүндө кыскача баяндалган [1.7.]. Оморов Н.М. [1.58, 1.59, 1.60.] А.Дөнөнбаев, Р.Жээнбеков [2.105.], Саралаев У. [1.75.] илимий изилдөөлөрүндө Кыргыз Республикасынын тышкы саясатындагы алгачкы ийгиликтерди, жаңы ыкмаларын колдоо менен эл аралык мамилелерди түзүүдөгү мамлекеттик жана улуттук кызыкчылыктар сакталбай калган мезгилдерди сынга алышкан.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри, илимпоз, чыгыш таануучу, дүйнөлүк деңгээлдеги саясатчы М.С.Иманалиев [1.33.] өзүнүн илимий эмгектеринде, макалаларында, журналистерге берген интервьюларында Кыргыз Республикасынын тышкы саясатында Түркия Республикасы менен Сауд Арабия Падышачылыгынын Борбордук Азия мамлекеттерине анын ичинде Кыргызстанга болгон саясий, экономикалык, маданий жана диний кызыкчылыктары жөнүндө айткан ойлору диссертацияны жазууда колдонулду.

А.Ж.Жекшенкуловдун [1.23.] эмгектеринде кыргыз мамлекетинин Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон дипломатиялык кызматташтыгы жөнүндө учкай эскерилген.

У.Ботобековдун [2.101.] Кыргызстандагы ислам динин тутуп жүргөн мусулмандардын исламдашкан радикалдуу көз караштагы “Хизбут – Тахрир” саясий партиясына жана “Ахль сунна Валь джамага ас-салафия”, “Ахмадия”, “Өзбекстандагы ислам кыймылы” деп аталган ислам кыймылдарына кошулуп, мамлекеттик саясатка каршы ар кандай иш-аракеттерди жүргүзүүдө Сауд Арабия мамлекетиндеги кээ бир экстремисттик көз караштагы диний бай адамдардын колдоосунда болгонун көрсөтөт.

Б.Орунбеков [1.71.] өзү жазган китебинде, 1993-жылы Түркиянын Анталия шаарында өткөн түрк тилдүү улуттардын бүткүл дүйнөлүк 1-курултайына түрк тилдүү деп эсептелген 24 улуттун 1000ден ашык өкүлдөрүнүн катышканын, Түркиянын президенти Тургут Озалдын куттуктоо сөзүндө түрк тилдүү мамлекеттердин биримдигин түзүү саясатын катышуучуларга билдиргенин ачык сүрөттөгөн [ ...94-97-бб.].

О.Молдалиев [1.52.] менен К.Маликовдун [1.48.,1.49.,1.50.] илимий эмгектеринде Сауд Арабия мамлекетинин кээ бир диний уюмдардын, жеке адамдардын таасири менен Кыргызстандагы ислам дининин өнүгүүсү, мечит, медреселердин көбөйүүсү, ислам динин тутууда ар кандай агымдардын, кыймылдардын, топтордун, уюмдардын мусулмандар арасында өздөрүнүн саясаттарын ачык жүргүзүп жатканын, ошондуктан кайсыл ислам диний уюм, кыймыл, топ, агым менен жаштар иш жүргүзсө болоорун белгилешет.

Ислам динин Кыргызстандагы өнүгүүсүнө Сауд Арабия мамлекетинин дагы чоң салымы бар экендигин тастыктаган бир нече илимий диссертациялар корголгон. Алсак, укук таануучу А.Чолпонкулова [1.88.], Н.А.Исмаилов, теолог А.А.Айдаралиев [1.4.], философ Н.С.Эсеналиева [1.92.], педагог Г.А.Джумабаевалардын [1.26.] диссертациялык изилдөөлөрү буга күбө боло алат.

**Төртүнчү топко,** Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен экономикалык, өндүрүштүк, соода-сатык тармагындагы маселелерди илимий негизде изилдөө жүргүзгөн окумуштуу экономисттердин эмгектерин киргиздик.
Кыргызстандын белгилүү илимпоз экономисттери: академик Т.Койчуев [1.39.], илимдин докторлору И.Аттокурова [1.12.], К.Абдымаликов [1.2.], К.Атышев [1.13.], Ш.Алманбетовдун [1.10.] илимий изилдөөлөрүндө кыргыз мамлекетинин чет өлкөдөгү мамлекеттер менен соода-экономикалык мамилелердин өнүгүүсүндөгү өсүштөрдүн ийгиликтерин жана өсүп-өнүгүүгө кедергисин тийгизген кээ бир тоскоолдуктар жөнүндө кызыктуу маалыматтар берилген.

2015-жылы жарык көргөн, экономика илимдеринин доктору, профессор К.Идинов менен түрк экономисти Билал Челик [1.30.] тарабынан жарык көргөн “Кыргызстан менен Түркиянын соода-экономикалык мамилелери” аттуу илимий монографияда эки мамлекеттин соода-сатык, өндүрүштүк, биргелешкен банк системасынын өнүгүүсүн чагылдырган. Бул эмгекте Түркия менен Кыргызстандын тышкы соодасынын учурдагы абалы, мүмкүнчүлүктөрү, келечеги, оң жана терс көрүнүштөрү илимий негизде далилденген. Ошондой эле эки мамлекеттин өз ара экономикалык, соода-сатык, өндүрүштүк өсүп-өнүгүүсүн укуктук келишимдик негизде жаралган көйгөйлүү маселелер козголуп, баалуу кеңештер айтылган.

В.Чыналиевдин “Внешнеэкономические связи Кыргызстана” деген эмгегинде [1.87.] Кыргызстандын чет мамлекеттер менен болгон экономикалык өз ара байланыштары тууралуу кеп козголгон. Бул китепте Кыргызстандын Түркия Республикасы менен болгон соода-сатык ишмердүүлүгү дагы камтылган. Ж.Абдразакованын “Внешняя торговля: Кыргызстан и Турция” аттуу 2006-жылы чыккан макаласында Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы соода-сатыктын өнүгүүсүн статистикалык таблицалар менен тастыктап, өзүнүн кээ бир баалуу сунуштарын көрсөткөн.

Жогоруда айтылгандарга карабастан Кыргызстандын Түркия, айрыкча Сауд Арабия менен өз ара байланыштарынын эволюциясы боюнча комплекстүү изилдөөлөр

жүргүзүлгөн эмес. Ошондуктан республиканын аталган мамлекеттер менен кызматташуусунун калыптануу жана өнүгүү проблемалары Ата Мекендик тарыхнаамеде изилдөөнү талап кылат.

Республиканын тышкы саясий ишмердүүлүгүнө тиешелүү документтерге: Кыргыз Республикасынын тышкы саясат боюнча түзүлгөн мыйзамдары, концепциялары, эл аралык келишимдер, эки тараптуу расмий сапарлардын протоколдору жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин жылдык жасаган иштери боюнча берген маалыматтары изилдөөнүн булактык негизи жана изилдөөнүн усулдары изилденди.

Диссертацияны жазууда колдонулган тарыхый булактарды саясий маанилүүлүгүнө, жаңыдан колдонулуп жаткан жаңычылдыгына жана шарттуу өзгөчөлүктөрүнө карап төрт топко бөлүп, булак наамалык анализ жүргүзүүгө аракеттендик.

**Биринчи топко** Кыргыз Республикасынын Президентинин тышкы иштерге тиешелүү жарыялары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл аралык мамилелерди түзүүгө байланыштуу келишимдерди бекитип берген токтомдор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Түркия Республикасы жана Сауд Арабия мамлекеттери менен экономикалык байланыштарга түзүлгөн сүйлөшүүлөрдүн иш-кагаздары, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер Министрлиги тарабынан даярдалган эки тараптуу Келишимдер, Прокотолдор, каттар, Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин демилгелери менен Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен билим берүү жана илим тармагындагы сүйлөшүүлөрдүн, жазышкан расмий каттардын, эки тараптуу биргелешип иш жүргүзүү жөнүндө түзүлгөн Келишимдер, Протоколдор, Кыргыз Республикасынын маданият, туризм жана маалымат министрлигинин Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен түзүлгөн маданий, туризм жана маалымат каражаттары боюнча биргелешип маданий иш-чараларды өткөрүү жөнүндө макулдашылган Каттар, Келишимдер, Протоколдор өзүнүн саясий маанилүүлүгүн көрсөтө алган тарыхый булак катары киргизилди.

Диссертацияны жазууда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 7-февралындагы № 24 ПЖ "Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин чечимин ишке ашыруу" Жарлыгы [1.44.], "2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы" [1.43.] сыяктуу документтер Кыргызстандагы Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин диний уюмдардын жана бирикмелердин ишмердүүлүгүн иликтөөдө алардын негизги багыттарын жана принциптерин аныктоого көмөк берди.

**Экинчи топко** бул диссертациялык иликтөөдө кээ бир маалыматтар биринчи жолу колдонулуп жаткан жаңылыгы менен өзгөчөлөнгөн архивдеги тарыхый документтер киргизилди.

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатын жүргүзүү негизинен Президенттин көз карашына түздөн-түз байланыштуу болгондуктан Түркия менен Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык кызматташууга тиешелүү тарыхый документтердин эң маанилүүлөрүн Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинен топтодук. Өзгөчө Кыргыз Республикасынын Президентинин Түркия Республикасында консулдукту (элчиликти) ачуу, толук ыйгарымдуу элчиликтерди дайындоо боюнча Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин Түркия Республикасынын жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Президенттери менен жазышкан расмий каттары, куттуктоолору диссертацияны жазууга жардам берди. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиевдин Сауд Арабия мамлекетинде кыргыз мамлекетинин элчилигин ачуу жана толук ыйгарымдуу элчиликти дайындоо Жарлыгы Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевдин Түркияга жана Сауд Арабияга жасаган расмий иш сапарлары, эки тараптуу түзүлгөн Келишимдер колдонулду. Негизинен Президенттин архивиндеги эл аралык мамилелерге тиешелүү № 1 фондунун сакталган № 1-описиндеги № 359, 940, 1225, 1228, 1522, 1539, 1640, 1731, 1836, 1857, 1941, 1977, 2263, 2288, 2771 делолорун толугу менен пайдаланылды.

Диссертациялык илимий изилдөө жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги кээ бир жаңы тарыхый маалыматтар биринчи жолу колдонулду. Өзгөчө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эл аралык байланыштар бөлүмү тарабынан даярдалган иш-кагаздары, Өкмөттүн жыйынынын протоколдору, эки тараптуу байланыш түзүүгө арналган расмий каттар № 350 фондунун 14-описиндеги № 859, 860 делолордон алынды. Ошондой эле чет мамлекеттер менен экономикалык жана соода байланыштар жөнүндөгү маалыматтар борбордук мамлекеттин архивиндеги № 512- фондунун № 91-делосунан, № 556-фондунун № 99-делосунан иликтенди, билим берүү тармагындагы алакалар № 1725-фондунун № 199, 200, 201 делолорундагы маалыматтар пайдаланылды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйындарынын маалыматтары, токтомдор, буйруктар дагы өз көмөктөрүн тийгизе алды.

Диссертациялык иликтөө жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер Министрлигинин өздүк утурумдуу сакталган архивдериндеги, сайттарындагы расмий маалыматтар дагы архивдик булак катары пайдасы тийди.

Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен экономикалык жана соода-сатык байланыштарды түзүүдөгү абалы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетиндеги Өкмөт тарабынан тастыкталган так маалыматтар пайдаланылып, таблица түрүндө берилди.

Кыргыз Республикасынын дин иштер боюнча комиссиясы убактылуу сакталган архивинен алынды. Аларга кыргыз мамлекетинин Сауд Арабия өкмөтү менен диний байланыштар тууралуу жазылган каттар, протоколдор, Келишимдер кирет.

Мындан сырткары Кыргызстандык Мусулмандар Муфтиятынын убактылуу архивиндеги сакталган ажылык зыяратка барган адамдардын сандык жана сапаттык айырмаларына иликтөө жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүлдү. Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору А.С.Ормушевдин илимий жетекчилиги менен жүргүзүлгөн Ажыга барып келген мусулмандардын ой-пикирин изилдеген социологиялык иликтөөлөрдүн маалыматтары колдонулду.

**Үчүнчү топтогу** тарыхый булактарга Түркия Республикасынын жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Кыргызстанда иш алып барып жаткан мамлекеттик эмес уюмдардын, борборлордун, утурумдуу сакталган архивдериндеги маалыматтарды кошууга болот. Алсак, Түркиядан келген иш адамдары түзгөн КИТиЯд ишкерлер уюму, маданий кызматкерлери түзгөн “Да” – диалог платформасы, Сауд Арабия мамлекетинин гуманитардык-маданий багытта иш жүргүзүп жаткан “Бүткүл дүйнөлүк жаштар Ассамблеясы”, ислам динин таратууга аракеттенген чакан уюмдардын убактылуу сакталган архивдери кээ бир маалыматтарды тактоого, айрым тарыхый окуялардын чыныгы жүзүн ачууга, жөнөкөй жупуну элдин эки мамлекеттин достугун, бир туугандыгын бекемдөөгө жасаган иш-аракеттерин тарыхый булактар менен тастыктоого мүмкүндүк түздү.

**Төртүнчү топто** жергиликтүү жана Түркиянын, Сауд Арабиянын массалык маалымат каражаттарына жарыяланган эки мамлекеттик кызматташуусунун абалдары жөнүндө жарык көргөн ар кандай деңгээлдеги илимий жана практикалык макалалар, билдирүүлөр, интервьюлар, кыскача маалыматтар талданып алынды. Мындан сырткары Кыргызстандагы Түркия Республикасынын жана Сауд Арабия падышачылыгынын элчиликтеринин өздүк сайттарына чагылдырылган маалыматтар колдонулду.

Диссертациялык иликтөөбүздүн эң негизги ыкмаларынын бири болуп Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин эгемендүү Кыргыз Республикасына болгон саясий кызыкчылыктарын, экономикалык багытта жаңы рынок катары колдонууга жасаган аракеттерин тарыхый-салыштырмалуулук изилдөө ыкмасы колдонулду.

Тарыхый булактарды изилдөөдө анын чындыгын башка булактар менен салыштырып далилдөөгө аракеттер жасалды. Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия менен өз ара мамилелеринин өнүгүү тарыхын изилдөөдө объективдүү жыйынтыктардын берилишине түрдүү мүнөздөгү булактарды ар тараптуу анализдөө аркылуу ишке ашты.

Изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуулук жана тарыхый-генетикалык ыкмалар жемиштүү натыйжа береди. Анткени Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен өз ара байланыштарынын тарыхын изилдөө коңшу мамлекеттердин тышкы саясатынын байланыштарынын башатын аныктоо зарыл. Андагы өзгөчөлүктөрдү салыштырып изилдөө менен, Кыргызстанга тиешелүү өзгөчө мыйзам ченемдүүлүктү таап чыгууга мүмкүндүк түздү.

Диссертациянын методологиялык негизги базасы катары эсептелген цивилизациялык гуманисттик баалуулуктар өткөн тарыхты изилдөөдө пайдаланылды. Ал эми методологиялык көрсөткүч катары тарыхыйлуулук принциби колдонулду. Анын натыйжасында, жалпы жана айрым тарыхый процесстер тыгыз байланышта изилденип, жыйынтыктар чыгарылып жана себептери аныкталды.

**" Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен эл аралык мамилелеринин калыптануу процесси"** деген бөлүмдө Кыргызстандын эгемендүүлүктү алгандан кийинки жылдарындагы мамлекетти түзүүдөгү көптөгөн саясий өзгөрүүлөрдүн болушу эл аралык мамилелердин багытына тийгизген таасирлери тууралуу маалыматтар берилет.

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатын жүргүзүүдө президенттер А.Акаев, К.Бакиев жана А.Атамбаевдин эл аралык мамилелерди түзүүдөгү ишмердүүлүктөрү, ийгиликтери жана кетирген кемчиликтери жөнүндө архивдеги тарыхый маалыматтар аркылуу баяндалат. Айрыкча президент А.Акаевдин жүргүзгөн тышкы саясаты дүйнөлүк коомчулукта көптөгөн колдоолорго ээ болуп, Кыргызстандын дипломатиялык кызматташуусу өркүндөгөн. Бирок, 2003-жылдан баштап Кыргыз мамлекетинин ички саясатындагы кетирген кемчиликтердин натыйжасында оппозициялык топ күч алып А.Акаевди Кыргызстандан качып кетүүгө аргасыз кылган. Бул мезгилдери Кыргыз Республикасынын тышкы саясий өнүгүүсү солгундоо мезгилине туш келди.

Кийинки КРнын президенти К.Бакиевдин учурунда Кыргыз мамлекетинин тышкы саясаты Россия, Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык мамилелерди өнүктүрүүгө жетише алды. Алсак, К.Бакиевдин учурунда Сауд Арабияда Кыргызстандын элчилиги ачылган.

2010-жылдын 7-апрелиндеги Бишкек шаарында болуп өткөн Элдик революциядан кийин Кыргыз Республикасы Түркия Республикасы жана Сауд Аравия мамлекеттери менен дипломатиялык байланыштын жаңы күч, жаңы дем менен өнүгүүсүнө жеткендигин байкоого болот.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевдин жүргүзгөн тышкы саясатында Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен дипломатиялык кызматташтыктарды бекемдөөгө аракеттер жасалган.

Түркия Республикасынын кыргыз мамлекетине болгон кызыкчылыктары төмөндөгүдөй багыттарга бөлүнүп изилденди. **Биринчиден,** саясий-идеологиялык багытта эки мамлекеттин дипломатиялык кызматташтыгын түзүүдөгү кызыкчылыктардын турмушка ашыруудагы жолдору жана ыкмалары иликтөөгө алынды. Архивдеги тарыхый булактар далилдегендей Түркия тарап Кыргыз Республикасынын түзүлүшүн куттуктаган чет өлкөлөрүнүн алгачкысынын бири болгон. 1991-жылы 18-декабрда Түркия Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн тааныган [3.105.]. 1991-жылы 23-декабрда Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда консулдук өкүлчүлүктөрдү «алмашуу жөнүндө» келишим Анкара шаарында кол коюлган. Келишимдин негизинде 1992-жылы 29-апрелде Түркия Бишкекте өз мамлекетинин элчилигин, жооп катары кыргыз тарап 1993-жылы Түркия Республикасында өзүнүн дипломатиялык өкүлчүлүгүн ачкан [3.106.].

Дипломатиялык кызматташуу эки мамлекеттин жетекчилеринин расмий жолугушууларын эки тараптуу келишимдерди түзүүгө шарт түзгөн. Эки мамлекеттин саясий мамилелеринин өнүгүүсү архивдеги тарыхый булактардын негизинде ар тараптуу изилденди.

Түркия Республикасынын Түрк Парламенттик Ассамблеясынын иш-чараларына Кыргызстандын парламенттик тобунун катышуусу, анын орду жана демилгелери кеңири берилет.

1993-жылдан 2009-жылга чейин Түркияда «Түрк мамлекеттеринин жана коомчулуктарынын достук, боордоштук жана кызматташтык» курултайларынын өткөрүлүшүндө түрк тилдүү мамлекеттердин Бирикмесин түзүү максаты экендиги архивдеги маалыматтар менен далилденет.

**Экинчиден,** экономикалык багыттагы кызыкчылыктар соода-сатык байланышындагы экспорт жана импорт, биргелешкен кыргыз-түрк өнөр-жай ишканаларынын натыйжалары иликтөөгө алынды. Эки мамлекеттин ортосунда 1991-жылдын 29-майында Анкара шаарында «Соода жана экономикалык кызматташтык жөнүндө» протоколго, кийин 1991-жылы 22-23-декабрда Анкара шаарында эки мамлекеттин башчылары «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы соода жана экономикалык кызматташтык жөнүндө» Келишимге кол коюлган [3.105.]. Түркия тарабынан көргөзүлгөн маанилүү экономикалык жардам Кыргыз Республикасынын бюджетиндеги тартыштыкты жабуу үчүн, Түркиянын “Эксимбанкынан” 75 миллион АКШ долларын кредит катары берген.

Эки мамлекеттин орттосундагы соода-сатык байланыштар, биргелешкен ишканалардын ишмердүүлүктөрү, эркин экономикалык зонада ачылган түрк чакан ишканаларынын иштери, инвестициялар боюнча бул параграфта кеңири иликтенди.

**Үчүнчүдөн,** эки мамлекеттин ортосундагы маданий байланыштар Кыргыз Республикасынын маданият, туризм жана маалымат министрлигинин архивиндеги маалыматтардын негизинде кеңири иликтөөгө алынды. Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы маданий байланыштар Эл аралык “Түрксой” уюму аркылуу жүргүзүлгөн. Мисалы, 2014-жылы кыргыз эл акыны Т.Сатылгановдун 150 жылдыгы ТүркСойдун жардамы менен өткөрүлгөн.

Сауд Арабия менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы маданий байланыштар 2013-жылдан башталган. Мисалы, 2013-жылы май айында Кыргызстанда Сауд Арабия мамлекетинин маданий күндөрү өткөрүлсө, 2014-жылы Кыргыз Республикасынын маданий күндөрү Сауд Арабия мамлекетинин көптөгөн шаарларында кыргыз маданият чеберлери өз өнөрлөрүн көргөзүшкөн.

**Төртүнчүдөн,** билим берүү тармагындагы кызматташуудагы кызыкчылыктар Кыргызстанда ачылган кыргыз-түрк лицейлери, жогорку окуу жайлары, түрк тилин үйрөтүүчү курстар аркылуу ишкер ашырылгандын жолдору жана ыкмалары кеңири иликтөөгө алынды. Билим берүү багытындагы байланыштын эң алгачкы кадамы 1991-жылы 12-июлда Анкара шаарында Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана маданият министрлигинин ортосунда биргелешип кызматташуу жөнүндө макулдашуусуна кол коюлган күндөн башталган. 1992-жылы 3-мартта «Кыргызстан жана Түркия Республикаларынын билим берүү, илим жана маданият тармагында кызматташтыгы жөнүндө» Келишим кабыл алынган. Кызматташтыктын башталышына жол салган ири иш- чаралардын бири катары 1992-жылы май айында Анкарада өткөн түрк тилдүү өлкөлөрдүн Билим берүү министрлеринин биринчи кеңешмесин белгилөөгө болот [2.69.]. **Бешинчиден,** Түркиянын кыргыз жергесинде ислам динин таратып жана өнүктүрүүдө эл аралык «Диянет» диний фонду аркылуу ишке ашырылып жатканын архивдеги тарыхый маалыматтар аркылуу кеңири иликтенди. Бул диний фонд аркылуу Кыргызстанда медреселер, факультеттер жана гимназиялар ачылган. 1993-жылы «Дианет» диндик уюмдун каржылоосу менен Ош Мамлекеттик университетинде теология факультети ачылган. Ал Борбордук Азияда ачылган эң алгачкы факультеттерден болуп эсептелет.

Сауд Арабия республикасынын Кыргызстандагы жашаган мусулмандарга ислам динин таратуу жана өнүктүрүү багытында көптөгөн жолдорду жана ыкмаларды пайдалангандыгы жөнүндө иликтенди.

**Биринчиден,** Сауд Арабия мамлекети Кыргыз Республикасындагы кызыкчылыктарын аткаруу максатында саясий багытта эки мамлекеттин ортосунда дипломатиялык мамилелерди түзүүдөн баштаган. Кыргыз Республикасы өз эгемендүүлүгүн алган алгачкы айлары Сауд Арабия падышачылыгы Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгын тааныгандыгын 1992-жылы 30-декабрда расмий билдирген [3.105.].

1992-июнунда Ханзада Турки Бин Мухаммед Бин Сауд Аль Кабиром жетектеген Сауд Арабиялык делегация Кыргызстанга келген. Анын алкагында эки өлкөнүн ортосунда саясий кызматташтыктын негиздери макулдашылган.

1992-жылы октябрда Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев Сауд Арабия королу Фахад бен Абдель Азиз Аль Сауддун чакыруусу боюнча Эр-Риядка расмий сапар менен барып, эки өлкөнүн ортосунда дипломатиялык мамилелерди түзүү боюнча Келишимге эки мамлекеттин башчылары кол коюшкан [3.105.].

Сауд Арабия мамлекетинин Кыргыз Республикасы менен дипломатиялык мамилелерди андан ары өнүктүрүү А.Акаевдин бийлиги учурунда аягына чыккан эмес.

Анын негизи кыргыз бийлиги Иерусалимди «Израилдин борбор шаары» катары тааныган позициясы себепкер болгон [3.106.]. Мындай саясат эл аралык укуктун негизинде алып караганда чоң дипломатиялык жаңылыштык болгон. Аталган шаардын укуктук макамын жөнгө салган БУУнун бардык резолюцияларына да, эл аралык укукка да карама-каршы келген. Дүйнөлүк мамлекеттердин басымдуу бөлүгү Иерусалимди Израилдин борбору катары таанышпайт. АКШ жана бир катар саналуу өлкөлөр гана мындай дипломатиялык кооптуу кадамдарга барышкан. Белгилүү болгондой Израиль Иерусалим шаарынын Палестинага тиешелүү бөлүгүн оккупациялап алган.

Натыйжада, Кыргызстандын бул дипломатиялык демаршы бүтүндөй араб дүйнөсү менен биздин мамилелердин салкындашын шарттаган.

Сауд Арабия падышалыгынын Кыргыз Республикасы менен дипломатиялык мамилени өнүктүрүү маселеси Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиевдин тушунда алдыга жылган. 2007-жылы Эр-Риядда Кыргыз Республикасынын элчилиги ачылып, биринчи элчи болуп Шарипов Жусупбек дайындалган [3.117.].

**Экинчиден,** эки мамлекеттин ортосундагы экономикалык мамилелерди изилдөөдө соода-сатык байланыштары өтө төмөнкү абалда экендиги статистикалык маалыматтар боюнча такталды. Бирок ошол эле учурда Кыргыз Республикасына Сауд Арабиянын жардамы менен Ислам өнүктүрүү Банкы аркылуу гуманитардык жана финансылык жардамдар берилип турган. Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө Сауд Арабия мамлекетинен келген инвестиция да чоң салымдарын кошкон. Бул иш-аракеттердин жемиштүү болушуна Кыргызстандын1993-жылы Ислам өнүктүрүү банкына анык мүчө болуп кириши себеп болгон. Мүчө болгон жылдардан тарта Кыргыз Республикасына Ислам өнүктүрүү Банкы тарабынан 1996, 1997, 2000-жылдары жеңилдетилген кредиттердин берилгени тууралуу кеңири иликтенди.

**Үчүнчүдөн,** билим берүү багытында Сауд Арабия мамлекети Кыргызстандык жаштарды Мекке, Медина, Эр-Рияд шаарларында ислам дини боюнча билим берүүгө аракеттер жасалгандыгы архивдеги маалыматтар аркылуу тастыкталды. Ошондой эле Кыргызстандагы медреселерди жана ислам институттарынын ачылыштарына финансылык жактан жардам бергендиги жөнүндө дагы маалыматтар алынды.

**Төртүнчүдөн,** Сауд Арабия мамлекетинин Кыргызстанга берген гуманитардык жардамдар жөнүндө маалыматтар иликтөөгө алынган, гуманитардык багыттагы жардам Сауд Арабиянын Кыргызстандагы эл аралык жаштар Ассамблеясы аркылуу иш жүзүнө ишке ашырууда. Бул уюм Кыргызстандын тоолуу алыскы айылдарына таза суу чыгаруу, башталгыч мектептерди, оорууканаларды куруу, жетим балдарга, майыптарга ар тараптуу жардамдарды үзгүлтүксүз берүүдө. Айрыкча бул уюмдун каржылоосу менен медресе менен мечиттердин курулуусу ишке ашырылууда. Мисалы, 1990-жылга чейин Кыргызстанда 39 мечит болсо, азыр алардын саны 2 (эки) миңден ашкан. Курулган мечиттердин жарымынан

көбү Ош жана Жалал-Абад облустарында. Бул курулган мечиттердин көпчүлүгү Сауд Арабия тарабынан каржылангандыгын тастыктайт.

**” Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия өлкөсү менен болгон эл аралык мамилелердин айырмачылыктары жана өзгөчөлүктөрү “** деп аталган бөлүмдө Кыргызстандын жогоруда сөз болуп жаткан мамлекеттер менен болгон саясий багытта кызматташуусунун айырмачылыктарына көңүл бурулду. Кыргызстан башка мамлекеттер сыяктуу эле ири өлкөлөрдүн жана дүйнөлүк коомчулуктун геосаясий кызыкчылыктарынын чордонунда турат. Мындай шартта жана жаңы түзүлгөн экономикалык кырдаалга жараша көптөгөн өлкөлөр евроазиялык континентте өздөрүнүн тышкы саясий концепцияларын өзгөртүүгө мажбур болушкан.

Архивдеги тарыхый булактарга жана илимий эмгектерге таянып XX кылымдын 90-жылдары Түркия жана Сауд Арабия Борбордук Азия багытында, анын ичинде Кыргызстанга өздөрүнүн саясатын жүргүзүүдө улуттук кызыкчылыктарынын алкагында ар кимиси өз алдынча алдыңкы багытта берүү аракеттерин жасашкан.

Саясий кызматташуунун өнүгүшүнө эки мамлекеттин Президенттеринин, Премьер-Министрлердин, Спикерлердин, Тышкы иштер министрликтеринин жана ислам дининин аалымдарынын өз ара мамилелерине көз каранды экендигин тарыхый фактылар менен тастыктоодо, алардын бири-биринен айырмасы, өзгөчөлүктөрү байкалды.

Ошондуктан, Түркия Республикасы Сауд Арабия мамлекетинен айырмаланып Кыргызстан менен саясий мамилелерди түзүүдө өтө чечкиндүү кадамдарды жасаган. Эки өлкөнүн ортосунда Президенттердин, Премьер-министрлердин, Парламент делегацияларынын расмий иш сапарлары тез-тез болуп турган. Түркиянын аймактагы негизги максаты пантүркизм идеясын жайылтуу, өз экономикасы үчүн жаңы рынокту ачуу жана НАТОнун таасирин күчөтүү болгон. Сауд Арабия менен Кыргыз Республикасынын кызматташуусунун өзгөчөлүгү дипломатиялык мамилелерди түзүүнүн калыптануу мезгили аягына чыга электиги архивдеги тарыхый булактар ырастады.

Кыргызстан менен Турция жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон соода-экономикалык байланыштарынын өзгөчөлүктөрүнө анализ жүргүзүлдү.

Эки мамлекеттин ортосунда 1991-жылдын 29-майында Анкара шаарында «Соода жана экономикалык кызматташтык жөнүндө» протоколго, кийин 1991-жылы 22-23-декабрда Анкара шаарында эки мамлекеттин башчылары «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы соода жана экономикалык кызматташтык жөнүндө» Келишимге кол коюлган [3.105.]. Түркия тарабынан көргөзүлгөн маанилүү экономикалык жардам Кыргыз Республикасынын бюджетиндеги тартыштыкты жабуу үчүн, Түркиянын “Эксимбанкынан” 75 миллион АКШ долларын кредит катары берген.

Эки өлкөнүн соода-экономикалык байланыштары 1992-жылдан башталган Түркия Кыргызстанга электр жабдыктар, мех, аялдар колдонуучу косметикалардын түрлөрү, кир жуучу порошоктор, кийим-кечектер, үй эмеректери, техникалар, кездеме, килем, тамак-аштардын түрлөрү ташылып келе баштаган. Өз кезегинде Кыргызстандан Түркияга кымбат баалуу түстүү металлдар, химиялык заттар, каучук, пахта буласы, жибек, кой жана уй терилери, тамеки жалбырактары жана экологиялык таза тамак-аштар (төө буурчак, жаңгак, кургатылган өрүк, бал) жөнөтүлгөн [3.131.].

Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитетинин маалыматы боюнча 2016-жылы Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы соода жүргүзүү көлөмү 300 млн. долларды түзгөн.

Түркия Республикасы менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык байланыштар Түрк дүйнөсүнүн жергиликтүү бирикмеси (ТДЖБ) аркылуу түзүлүп, анын курамында 26 мамлекет болгон (Түркия, Кыргызстан, Казакстан, Азербайжан, Албания, Босния жана Герцоговина, Болгария ж.б.) . ТДЖБнын негизги максаты кызматташуу жана тажрыйба бөлүшүү, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу чөйрөсүндө иштеген адистердин билимин жогорулатуу.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен маданий-гуманитардык байланыштарынын өзгөчөлүктөрүн жана айырмачылыктарын аныктоодо, ал мамлекеттердин Кыргызстан жаштарына билим берүү багытында, алар тарабынан ачылган лицейлер, медреселер, эл аралык Университеттер, ислам институттары, түрк тилин үйрөтүүчү курстар, куран жаттоочу курстардын ишмердүүлүктөрү, коомчулукка тийгизген оң жана терс таасирлери иликтөөгө алынды.

Түркиянын окумуштууларынын жана Сауд Арабиянын диний аалымдарынын кыргызстандык илимпоздор жана теологдор диний багытындагы билимдүү адистер менен иш жүргүзүүдөгү өзгөчөлүктөр архивдеги тарыхый булактар аркылуу иликтенди.

Кыргызстандын аталган эки мамлекет менен маданий байланыштардын алкагында өткөрүлгөн эл аралык кызматташуунун көптөгөн түрлөрү жана формалары: сүрөтчүлөрдүн жана кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөсү, улуттук-элдик чыгармачыл топтордун концерттери, театр, кино жумалыктары, маданий мурастарды сактоо, тарыхый эстеликтерди коргоо, реставрациялоо иштерин уюштуруу, музей жана китепкана иштерин биргелешип жүргүзүү, гезит журналдарды чыгаруу, котормолор боюнча иштөө багыттарында кызматташуу кеңири колдонулгандыгы баяндалат. Жыйынтыгында, Кыргызстан менен Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин маданий-гуманитардык багыттагы мамилелеринде өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктар илимий изилдөөгө алынды.

**Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча жыйынтыктар чыгарылган:**

- Кыргыз Республикасына болгон кызыкчылыкта Түркия эки жактуу роль ойногон. Биринчи жактан, ал батыштын геостратегиясын колдойт, экинчи жактан – Түркия өзүнүн жеке кызыкчылыктарын: пантүркизм, жеке улуттук кызыкчылыктарынын саясатты кеңири мейкиндикте жүргүзүүгө аракеттенүүдө. Анын негизинде экономикалык байланыштарды күчөтүү жана Кыргызстандык жаштарды өзүнүн жогорку окуу жайларында окутууга басым жасай баштаган.
- Эгемендүү Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы кызматташтыгынын деңгээли мамлекеттик, парламентер аралык жана өкмөттөр аралык деңгээлдеги эки тараптын жогорку жетекчилеринин саясий баарлашуулары ийгиликтүү болгондугу менен мүнөздөлөт.
- Кыргызстан менен Сауд Арабия мамлекетинин ортосундагы саясий баарлашуунун өнүгүүсүнүн башка эффективдүү механизмдери болуп эки тараптын тышкы саясий ведомстволордун жетекчилери тарабынан жүргүзүлгөн расмий иш сапарлар, тышкы иштер боюнча жүргүзүлгөн баарлашуулар эсептелип, эки өлкөнүн өнүгүүсүндөгү негизги маселелерди талкууга алууга шарт түзүлгөн.
- 2017-жылдан кийин Кыргызстан менен Сауд Арабиянын мамлекттеринин тармактык министрликтеринин, ведомстволорунун түз байланыштары эки тараптык келишимдердин ишке ашуусуна бир кыйла салым кошуу менен элчиликтердин ачылышына мүмкүнчүлүк болду.
- Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы соода-экономикалык кызматташуу тез темп менен өнүгүп, экономиканын бүт тармактарында кызматташуу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Жалпысынан алганда кызматташуунун негизги багыттары боюнча укуктук база түзүлгөн. Бирок ошол эле мезгилде өнөнктөштүктү тереңдетүүгө багытталган келишимдерде жана декларацияларда көргөзүлгөн бир катар багыттарда иш аткарылбай жаткандыгын архивдеги булактар тастыктоодо.
- Кыргызстан менен Сауд Арабия мамлекетинин ортосундагы соода-экономикалык чөйрөдөгү байланыштар эки тараптуу байланыштардын башка багыттарында салыштырмалуу өнүгүүсү артта калууда. Ошондуктан бул багыттагы негизги максат соода-экономикалык байланыштарды саясий жана маданий-гуманитардык мамилелердин деңгээлине жеткирүүдө турат. Өз ара ыңгайлуу соода-экономикалык байланыштарда колдонула элек мүмкүнчүлүктөр али да болсо сакталууда.

- Түркия Республикасы Кыргызстандагы кичи жана орто ишкердикти өнүктүрүүгө көмөк көргөзүүдө алдыңкы орундарда турат. «ТИКА» программасы аркылуу кыргыз экономикасынын рыноктук инфраструктурасынын өнүгүүсүнүн түрдүү маселелерине боюнча бир катар долбоорлор жана иш-чаралар ишке ашырылган.
- Кыргыз Республикасына Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери тарабынан чоң суммадагы инвестициялык жардамдардын берилиши экономикалык, социалдык жана маданий тармактарды өнүктүрүүдө өз салмактарын кошууда.
- Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери Кыргызстанда ислам динин таратууда жана өнүктүрүүдө өзгөчө орунду ээлегендигин архивдеги маалыматтар аркылуу тастыктоого мүмкүндүк түзүлдү.
- Сауд Арабия мамлекети Кыргызстанда ислам динин өнүктүрүү боюнча мечиттерди жана медреселерди курууда, ислам институттарын жана куран жаттоо курстарын каржылоодо чоң жардам көрсөтүлгөндүгү байкалды. Ошондой эле ислам динине байланыштуу майрамдарды: орозо айтты, курман айтты өткөрүүдө жергиликтүү мусулмандарга гуманитардык жардамдарды үзгүлтүксүз берүүдө.
- Сауд Арабия мамлекети каржылаган Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы Кыргызстандын алыскы жана тоолуу айылдарына таза суу чыгарууга, орто мектептерди, ооруканаларды курууга акча каражаттарын бөлүп берүүдө. Мындан сырткары көп балалуу мусулмандарга, жетим жесирлерге, майыптарга, айыкпас дарттарга чалдыккан оорулууларга гуманитардык жардамдар жумшалат.

**Жогоруда айтылгандардан улам төмөндөгүдөй практикалык сунуштарды берсе болот:**

- Кыргызстандын алдында мамлекеттер аралык соода-экономикалык чөйрөлөрдүн бардык багыттарын жана артыкчылыктарын абдан так аныктоо маселеси турат. Ал тургай Кыргызстандын ички экономикалык саясатынын негизги приоритеттери али аныктала элек, бул болсо кыргыз-түрк экономикалык кызматташтыктын бир канча проблемаларын чечүүдө тосколдук болууда.
- Эки тараптуу жолугушууларда жетишкен саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөр боюнча түзүлгөн конкреттүү келишимдерди ишке ашырууга өзгөчө көңүл буруусу зарыл.
- Кыргызстан маанилүү туристтик мүмкүнчүлүккө ээ болгондуктан, ири долбоорлорду ишке киргизүү аркылуу туризмди өнүктүрүүдө Түркиянын, Сауд Арабиянын алдыңкы тажрыйбаларын колдонсо болот.
- Түрк өнүгүү моделининин оң тажрыйбаларын Кыргызстанда демократиялык жана экономикалык реформаларды ишке ашырууда белгилүү бир деңгээлде колдонууга болот.
- Сауд Арабия мамлекети тарабынан Кыргызстанга келип жаткан гуманитардык жардамдардын канча бөлүгүн ислам динин өнүктүрүүгө кетип жатканы боюнча так маалыматты тиешелүү укук органдары көзөмөлгө алуусу милдеттүү.
- Сауд Арабия мамлекети тарабынан каржыланган ислам дининдеги вахавизм жана салафизм диний агымдарынын Кыргызстандагы мусулмандар менен иш алып баруусун укук органдары катуу көзөмөлгө алуусу керек.
- Кыргыз Республикасынын акыркы жылдары Сауд Арабия мамлекети менен туризм багытында биргелешип иш жүргүзүүсүн тиешелүү министрликтер ар тараптан колдоого алуусу зарыл.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**

1. Кыргызстан-Турция: торгово-экономическое сотрудничество (1990-е годы). [Текст] М.И.Чыналиева // Вестник ОшГУ – Ош, №6, 2009. -С. 274-277.
2. Динамика развития кыргызско-турецкого сотрудничества на современном этапе. [Текст] М.И.Чыналиева //Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек, №3,4, 2009. –С. 35-38.
3. Кыргызско-турецкий политический диалог в конце 1990-х годов. [Текст] М.И.Чыналиева // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек, №3,4, 2009. –С.137-140-бб.
4. Кыргызско-турецкие экономические отношения в начале 90-х годов. [Текст] М.И.Чыналиева // Республиканский научно-теоретический журнал “Известия ВУЗов. - Бишкек, №2, 2009. –С.232-234.
5. Кыргызско-турецкие политические отношения (1991-1995 гг.) [Текст] М.И.Чыналиева // Республиканский научно-теоретический журнал “Известия ВУЗов. – Бишкек, №2, 2009. –С. 90-93.
6. Становление и развитие кыргызско-турецких отношений (1991-2002 гг.). [Текст] М.И.Чыналиева // Вопросы истории Кыргызстана. – Бишкек, №1, 2009. –С. 26-29.
7. Культурное сотрудничество Кыргызстана и Турции. [Текст] М.И.Чыналиева // Вопросы истории Кыргызстана. – Бишкек, №2, 2009. – С. 163-67.
8. Развитие сотрудничества Кыргызстана и Турции. [Текст] М.И.Чыналиева // Поиск. – Алматы, №4, 2009. –С. 161-165.
9. Эгемендүүлүк жылдарындагы кыргыз-түрк мамилелерине жалпы анализ. [ Текст] М.И.Чыналиева // Кыргызстан жана Борбордук Азия-баарлашуунун мейкиндиги Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги. Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II конгрессинин баяндамалары жана макалалар жыйнагы. Бишкек, 2015. –С. 169-174.
10. Становление и развитие политических и экономических отношений между Кыргызской Республикой и Саудовской Аравией в постсоветский период [Текст] М.И.Чыналиева // Республиканский научно-теоретический журнал “Известия ВУЗов. – Бишкек, №11, 2015. –С. 109-111.
11. Кыргызстандын Сауд Аравия менен өз ара мамилелеринин өнүгүүсү. [Текст] М.И.Чыналиева // Республиканский научно-теоретический журнал “Известия ВУЗов. – Бишкек, №11, 2015. –С. 106-108.
12. Түркиянын Борбордук Азия өлкөлөрү менен байланыштары[Текст] М.И.Чыналиева // 1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык маарекесине арналган илимий жыйындардын баяндамалары, макалалар, архивдик ж.б. маалыматтар. Бишкек, 2016. –С. 325-329.
13. Развитие двухсторонних кыргызско-турецких отношений в 1990-е годы. [Текст] М.И.Чыналиева // Научная дискуссия: инновация в современном мире. - Москва, 2016. №5 (48) Часть I. –С. 90-95
14. Кыргызско-турецкое сотрудничество в культурно-гуманитарной сфере. [Текст] М.И.Чыналиева // Научная дискуссия: инновация в современном мире - Москва, 2016. №5 (48) Часть I. –С. 95-100.
15. Стратегические интересы Турции в Кыргызстане. [Текст] М.И.Чыналиева // Ринц – журнал “Вопросы гуманитарных наук”. –Москва, 2018.№1. - С.
16. Стратегические интересы Саудовской Аравии в Кыргызстане. [Текст] М.И.Чыналиева // Ринц – журнал “Вопросы гуманитарных наук”. –Москва, 2018.№1. – С.

**Чыналиева Мубарак Иманбаевнанын «Кыргыз Республикасынын Сауд Аравия жана Түркия менен эл аралык мамилелери (тарыхый-салыштырмалуу анализ**) деген темада 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

**Резюмеси**

**Өзөктүү сөздөр:** тышкы саясат, эки тараптуу мамиле, маданият, кызматташтык, перспектива, келишим.

**Изилдөөнүн объектиси**. Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттардагы кызматташтыгы.

**Изилдөөнүн предмети**. Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен эл аралык мамилелерди түзүүдөгү кызыкчылыктарын, айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн тарыхый-салыштырмалуулук ыкма менен иликтөө саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Иштин негизги максаты темасына карата коюлган маселелердин актуалдуулугуна байланыштуу Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарындагы кызыкчылыктарды, айырмачылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү тарыхый булактар аркылуу салыштыруу жолу менен илимий баа берүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** катары анализ жана синтез, салыштырмалуу жана хронологиялык ыкмаларды колдонгон системалуу, комплекстүү принциптер эсептелинет. Изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду: тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-ретроспективалык жана логикалык.

**Изилдөөнүн илимий жанылыгы.**

- Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен өз ара байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү мезгилдериндеги кызыкчылыктар, айырмачылыктар жана өзгөчөлүктөр салыштырылып изилдөө жолу менен комплекстүү түрдө алгачкылардан болуп изилденди;
- Кыргыз Республикасынын аталган мамлекеттер менен байланыштарынын негизги тенденциялары иликтөөгө алынып, ар бир мамлекеттердин кызыкчылыктарынын приоритеттери анализденип, Кыргызстанда ислам дининин өнүгүшүнө Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин тийгизген таасирлеринин багыттары ар тараптуу иликтөөгө алынды;
- Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттеринин Кыргызстандын билим берүү, илим жана маданият тармагындагы кызыкчылыктары салыштырылып изилденди;
- мамлекеттер ортосунда эки тараптуу кызматташуудагы өнүкпөй жаткан багыттары, кетирилип жаткан кемчиликтери аныкталып, алардын өз ара байланыштардын андан ары өнүгүүсүнүн келечегине таасир тийгизе тургандыгы көрсөтүлдү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөдөгү эки тараптуу байланыштарды изилдөө боюнча жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыктары, кызматташуунун азыркы мезгилдеги абалы жана келечеги, берилген баалар жана жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын тышкы саясий ишмердүүлүгү үчүн теориялык жана практикалык жактан белгилүү бир деёгээлде баалуу болуп саналат, Кыргызстандын башка мамлекеттер менен болгон эки тараптуу байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү маселелери жөнүндө толук түрдө маалымат алынат.

**Иштеги негизги жоболор жана жыйынтыктар** Кыргызстандын Түркия жана Сауд Арабия мамлекеттери менен болгон байланыштарынын жалпы мамлекеттик концепциясын түзүүдө, андан сырткары окуу-педагогикалык процессте жана Ата Мекен тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Эмгектин структурасы**. Диссертациялык эмгек киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана библиографиядан турат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Чыналиевой Мубарак Иманбаевны на тему: «Международные отношения Кыргызской Республики с Турцией и Королевством Саудовской Аравией (историко-сравнительный анализ)» представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история.**

**Ключевые слова:** внешняя политика, двусторонние отношения, сотрудничество, культура, перспектива, договор.

**Объектом исследования** является состояние и характер развития отношений между Кыргызстаном с Саудовской Аравией и Турцией в политической, торгово-экономической и культурно-гуманитарной областях.

**Предметом исследования** является кыргызско-турецкие и кыргызско-саудовскоарабские политические, экономические и культурные отношения.

**Целью исследования** является на конкретном историческом материале хронологически последовательно проанализировать состояние кыргызско-турецких и саудовско-кыргызских политических, экономических и культурно-гуманитарных отношений на современном этапе.

**Методологией исследования** послужили принципы объективности и системный подход, позволившие совместить различные способы анализа и синтеза.

**Научная новизна** работы заключается в том, что это одно из первых исследований процесса становления и развития кыргызско-турецких и кыргызско-саудовскоарабских отношений на современном этапе. На примере межгосударственных взаимоотношений еще раз подтверждается, что в силу объективного развития современной цивилизации, мировой экономики, техники и технологии все страны, независимо от своего положения и места в мировом сообществе, втянуты в глобальную систему взаимосвязей. На основе изучения исторических процессов предпринята попытка проследить основные тенденции и направления межгосударственных отношений, начиная с 1991 года, проанализировать и сравнивать приоритеты интересов каждой из стран.

В работе определены как наиболее эффективные формы и направления совместной деятельности, так и недоработки и упущения в организации трехстороннего сотрудничества, позволившие обозначить перспективы дальнейшего развития связей Кыргызстана с Саудовской Аравией и Турцией.

**Область применения результатов исследования.** Результаты проведенного исследования двусторонних отношений, анализа современного состояния и перспектив сотрудничества, сделанные оценки и выводы представляют определенную ценность для теории и практики внешнеполитической деятельности Кыргызской Республики, формирования целостного представления по вопросам становления и развития трехсторонних связей Кыргызстана с другими странами.

**Основные положения и выводы**, содержащиеся в работе, могут использоваться при формировании общегосударственной концепции отношений Кыргызстана с Саудовской Аравией и Турцией, а также в учебно-педагогическом процессе и при создании обобщающих трудов по отечественной истории. Результаты исследования могут рассматриваться как своего рода рекомендации для соответствующих министерств и ведомств по различным направлениям двустороннего сотрудничества.

**Структура исследования.** Диссертация состоит из введения, трех глав, заключения и списка использованной литературы.

**RESUME**

**of the dissertations written by Chinalieva Mubarak Imanbaevna theme: «Relations Kyrgyz republics of Turkish republics and Saudi Arabias (comporative - historical analiz)» for the degree of the candidate of the historical science on the speciality 07.00.02 - Domestic history.**

**Key words:** foreign policy, mutual relations, cooperation, culture, prospect, the contract.

**Research objective is on** a concrete historical material chronologically consistently to analyse a condition of kyrgyz-Turkish political, economic and cultural-humanitarian relations at the present stage, since 1991г.

**Object of research** is the condition and character of development of relations between Kyrgyzstan and Turkey in political, trade and economic and cultural-humanitarian areas.

**Object of research** is kyrgyz-Turkish political, economic and cultural relations.

**As research methodology** principles of objectivity and the system approach, allowed to combine various ways of the analysis and synthesis have served.

**Scientific novelty of work** consists that this one of the first researches of process of formation and development of kyrgyzs-Turkish relations at the present stage. On an example of mutual relations of Kyrgyzstan and Turkey once again proves to be true, that owing to objective development of a modern civilisation, economic, technics and technology all countries, irrespective of the position and a place in the world community, are involved in global system of interrelations. On the basis of studying of historical processes attempt to track the basic tendencies and directions of kyrgyz-Turkish relations, since 1991 is undertaken, to analyse priorities of interests of each of the countries.

**In work are defined as the most effective** forms and directions of joint activity, and a defect and omission in the organisation of the bilateral cooperation, allowed to designate prospect of the further development of communications of Kyrgyzstan with Turkey.

**Scope of results of research.** Results of the carried out research of mutual relations, the analysis of a modern condition and the cooperation prospects, the made estimations and conclusions represent certain value for the theory and practice of foreign policy activity of the Kirghiz Republic, formation of complete representation concerning formation and development of two-way communications of Kyrgyzstan with other countries.

**Substantive provisions and the conclusions** containing in work, can be used at formation of the nation-wide concept of relations of Kyrgyzstan with Turkey, and also in uchebno-pedagogical process and at creation of generalising works on domestic history. Results of research can be considered as some kind of recommendations for the corresponding ministries and departments in various directions of bilateral cooperation.

**Strukture of the research:** the dissertation includes the introduction, three chapters, conclusion, practical recommendations, references and bibliography.